*Элебесова А.Б.*
*Кыргызская Академия Образования*

# ТАРЫХЫЙ-КООМ ТААНУУЧУЛУК БИЛИМДЕР БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИН ЖҮРГҮЗҮҮГӨ КӨНҮКТҮРҮҮЧҮ ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН ИНСАНГА БАГЫТТАП ОКУТУУ

# ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННОЕ ОБУЧЕНИЕ С ПРИМЕНЕНИЕМ ПЕРЕДОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ПРИ ПРОВЕДЕНИИ ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКИХ РАБОТ ПО ИСТОРИКО-ОБЩЕСТВОВЕДЧЕСКИМ ЗНАНИЯМ

***Аннотациясы:*** *Бул илимий-методикалык баяндамада мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн үзүрлүү болушуна жардам берүү максатында тарыхый-коом таануучулук билимдерди берүүнү реформалоону аныктоочу олуттуу тенденциялардын бири болгон гумандуулук багытта окутуунун мазмундук өзөгүн түзгөн инсандык таанып билүүчүлүк ишмердүүлүк, б.а. инсанга багыттап окутуу өңүтү тууралуу сыпатталып баяндалды.*

***Аннотация:*** *В данной научно-методической статье излагается о личностно-познавательной деятельности, т.е. о личностно-ориентированном подходе обучения, который является содержательным стержнем обучения гуманизационного направления образования, одной из существенных тенденций определения реформирования историко-обществоведческих знаний, с целью оказания помощи в успешной педагогической деятельности учителей.*

***Abstract:*** *This scientific article describes a personality and cognitive activity, i.e. a student-centered learning approach, which is the core of meaningful learning of humanizational direction, one of the most significant trends in the definition of reform of historical and social science knowledge to assist in the successful pedagogical activity of teachers.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *индивид, индивидуалдуулук, индивидуалдаштыруу, инсанга багыттап окутуу, Мен-концепция, өзүн-өзү актуалдаштырган инсан, өзүнүн коомдогу ролун түшүнүү, социалдаштыруу, субъекттүүлүк, тандоо.*

***Ключевые слова:*** *индивид, индивидуальность, индивидуализация, личностно-ориентированное обучение, Я-концепция, самоактуализирующая личность, самосознание, социализация, субъективность, выбор.*

***Key words:*** *individual, individuality, individualization, student-centered learning, Self-concept, self-actualizing personality, identity, socialization, subjectivity, selection.*

Мектептик тарыхый билим берүүнү реформалоону аныктоочу тенденциялардын бири гумандуулук багытта окутууга өтүү болуп саналат. Анын мазмундук өзөгүн инсандык-таанып билүүчүлүк ишмердүүлүк, б.а. инсанга багыттап окутуу өңүтү түзөт.

Инсанга багыттап окутуунун идеялары эки деңгээлден көрүнөт: турмуштук жана илимий. *Турмуштук деңгээлден* алып караганда, инсанга багыттап окутуу өңүтү баланын инсандыгын урматтоо, окутууну индивидуалдаштыруу, натыйжалуу өнөктөштүк, кызматташтык, диалог идеясын таануу катары каралат. *Илимий деңгээлден* алып караганда, инсанга багыттап окутуу өңүтү билимдерди окутуунун максаттарынын категорияларын, билимдердин мазмунун, окутуу технологияларын жана методдорун, окуу ишмердүүлүгүн, билим берүү процессинин натыйжалуулугунун критерийлерин камтыйт.

Демек, инсанга багыттап окутуунун башкы максаты — окуучулардын жашоо-турмушка, тиричилик кылууга ылайык өсүп жетилүүсү үчүн шарт түзүү. Ошондуктан тарыхый-коом таануучулук предметтерди окутуунун, руханий-адептик жана жалпы интеллектуалдык таалим-тарбия берүүнүн негизги милдеттеринин бири — окуучунун адеп-ахлагын, руханий беделин жана социалдык жигердүүлүгүн калыптандыруу. Инсандын ролунун ачылып көрсөтүлүшү менен, адамдын жашоодогу ордун жан-дүйнөсү аркылуу аңдап туюуга жол ачылат.

Бул милдеттерди жүзөгө ашырууда тарыхыйкоом таануучулук билимдер коомдук өнүгүүнү башкалардан мурда аңдап туюп, келечекке багыт алып, гумандуу саясий ой жүгүртүүнү жаңыча дем менен кабыл алууну шарттап турат. Гумандаштыруунун маани-маңызы — инсандын жигердүү ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн, анын кызыкчылыктарынын жана укуктарынын жүзөгө ашырылышы үчүн, ар бир окуучунун шык-жөндөмдөрүн жана талантын ачуу жана өнүктүрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүү.

Гумандаштыруу окуучунун инсандыгын жогорку социалдык баалуулук катары тааныган заманбап педагогикалык ой жүгүртүүнүн өзөктүк элементи болуп саналат. Француз персонализминин (инсандыкты ырастоонун) негиздөөчүсү жана даанышман ойчул Эммануэль Мунье: *«Инсан — биз таанып билген жана ошол эле учурда жан дүйнөбүздө жараткан жападан-жалгыз реалдуулук»* [11], — деп айткан экен. Муньенин персонализм теориясында адамдардын ортосундагы жалпылыкка олуттуу орун берилген. Анын оюу боюнча, инсан башкалар менен өз ара алакада болуунун натыйжасында гана жашай алат, башка бирөө аркылуу гана өзүн таба алат.

Белгилүү бир позицияны ээлеш үчүн окуучу өзүнүн баалуулуктарын башка адамдардын: окуу китептеринин авторлорунун, окумуштуулардын, мугалимдердин жана классташтарынын баалуулуктары менен шай келтирүүгө тийиш. Мунун баары окуучудан жигердүүлүктү, сынчыл ой-жүгүртүүнү, өз алдынчалуулукту талап кылат.

Окуучуга билим жана таалим-тарбия берүү процессинде шарттуу түрдө эки башкы багытка — социалдаштырууга жана индивидуалдаштырууга — басым жасоо керек. *Социалдаштыруу багытында* окуучунун социалдык жактан жактырылган идеалдарды, жүрүм-турум, ишмердүүлүк ченемдерин жана ыкмаларын өздөштүрүү процесси жүрөт. Бул окуучунун коом, коомдук маданият жана коомдук жашоо ыңгайы жөнүндө түшүнүктөрүнүн калыптанышын, инсандык сапаттарынын өсүп-өнүгүшүн, адамдардын арасында жашоого ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүнүн калыптанышын шарттайт.

*Индивидуалдаштыруу багыты* окуучунун индивидуалдуулугун — анын кайталангыс сырткы көрүнүшүнүн (жүрүм-турумунун) жана ички дүйнөсүнүн (кулк-мүнөзүнүн), жашоо ишмердүүлүгүнүн уникалдуу көндүм адатынын калыптанышын шарттайт. Бул анын өз алдынча болушуна мүмкүнчүлүк берет. Индивидуалдуулук адамдагы жекече өзгөчөлүктөрдүн өнүгүшүнө түрткү болот.

«Окуучунун өзүнчө бир башкача болуучулугу, өзүнчөлүгү, оригиналдуулугу, анын субъективдик тажрыйбасынын кайталангыстыгы инсанга багыттап билим берүүнүн (инсандыкка багыттап окутуунун) негизги баалуулугу болуп саналат» [1].

«Эгерде адам өзүнүн өнүгүүсүндө өз алдынча аң-сезимдүү ишмердүүлүккө ээ болуу менен бирге акыл-эстүүлүктүн аныкталган деңгээлине жетсе аны инсан деп эсептешет. Демек, адам инсан болуп төрөлбөйт, ал төрөлгөндө индивид катары кабыл алынат… Индивид инсанга айлануу үчүн өзүнө жаратылыштан берилген касиеттерин өзүнүн аракети менен, өз алдынча ишмердүүлүктүн негизинде практикага ашырышы керек. Индивиддин инсанга айлануу процесси негизинен алганда ар бир адам үчүн жеке өзгөчөлүккө ээ» [9].

Жогорудагыдай бүтүмдөрдөн улам, инсанга багыттап окутуунун зарылдыгы шартталат. Аны *Индивид → Инсан → Индивидуалдуулук* формуласы менен сыпаттап көрсөтүүгө болот. Индивид болуп төрөлөт. Инсан болуп калыптанат. Индивидуалдуулукка ээ болот.

Биз бул маселени өздөштүрүү жана тарыхый-коом таануучулук билимдер боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө көнүктүрүүчү окутуу технологияларын колдонуу менен инсанга багыттап окутуунун принциптерин иштеп чыгуу *максатын* койдук. Анын *милдеттери:*

1. Инсанга багыттап окутуунун принциптерин өздөштүрүү;

2. Тарыхый-коом таануучулук билимдер боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө көнүктүрүүчү натыйжалуу методдорду, ыкмаларды, окутуу технологияларын колдонуу менен, инсанга багыттап окутуунун теориялык жана методикалык негиздерин түзүүгө аракет кылуу;

3. Тарыхый-коом таануучулук билимдер боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө көнүктүрүүчү окутуу технологияларын колдонуу менен инсанга багыттап окутууну жүзөгө ашыруу үчүн шарт түзүү.

## Инсанга багыттап окутуунун маани-маңызы

Инсанга багыттап окутуу өңүтү — бул педагогикалык ишмердүүлүктөгү өз ара байланыштагы түшүнүктөр, идеялар жана иш-аракеттер системасына таянуу менен, баланын өз жөндөмүн, өз күчүн таануу, өзүн өзү өнүктүрүү жана инсандык сапатын калыптандыруу процесстерин камсыз кылууга жана колдоого, анын кайталангыс индивидуалдуулугун өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүүчү методологиялык багыт.

Биринчиден, инсанга багыттап окутуу өңүтү билим берүүчү мамлекеттик жана коомдук институттарга басым жасоого караганда, негизинен, баланын керектөөлөрүн канааттандырууга жана көзкарашын калыптандырууга багытталган. Көзкараштын калыптанышы менен адамдын жигердүүлүгүнүн социалдык формаларын туруктандыруучу психологиялык өзөк — *инсандык мүнөз* калыптанат. «Индивидуум мүнөзгө ээ болгондо гана өзүнүн туруктуу ордун табат» [4].

Экинчиден, инсанга багыттап окутуу өңүтүн колдонууда педагог негизги күч-аракетин балдарда салттык социалдык касиеттерди калыптандырууга эмес, ар бир баланын сейрек кездешүүчү инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө жумшоого тийиш.

Үчүнчүдөн, бул өңүттү колдонуу окуу-тарбия процессинде педагог менен окуучунун ортосундагы субъект-субъекттик мамилелерди түзүүгө өбөлгө болуучу субъекттик ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнү шарттайт. Инсанга багыттап окутуу өңүтү менен мурдагы методологиялык багыттардын ортосунда мындан башка дагы көптөгөн айырмачылыктар бар. Алар индивидуалдык жана инсанга багытталган өңүттөрдүн салыштырмалуу мүнөздөмөлөрү берилген төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

| Салыштыруу параметрлери | Индивидуалдык өңүт | Инсанга багыттоо өңүтү |
|---|---|---|
| 1. Теориялык-методологиялык негиз | Салттык педагогикалык парадигманын идеялары | Гумандуу педагогиканын жана психологиянын, философиялык жана педагогикалык антропологиянын идеялары |
| 2. Колдонуунун максаты | Окуучунун индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн эсепке алуунун негизинде билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн (ББК), социалдык баалуу сапаттардын калыптанышын шарттоо | Окуучунун индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн аныктоонун негизинде анын индивидуалдуулугун өнүктүрүүгө таасир этүү |
| 3. Колдонуунун мазмундук аспектери | Билимдердин мазмунунун когнитивдик , практикалык-операциялык, аксиологиялык компоненттери | Окуучунун субъекттик тажрыйбасы, аны талдоонун жана өзүн өзү талдоонун, аны актуалдаштыруунун жана өзүн өзү актуалдаштыруунун, билимин байытуунун жана өз алдынча өнүгүүнүн жолдору жана ыкмалары |
| 4. Колдонуунун уюштуруучулук-ишмердүүлүк жана мамилелик аспектери | Калыптандыруу педагогикасынын ыкмалары жана методдору, субъекттик-объекттик мамилелердин басымдуулугу | Педагогикалык колдоо ыкмалары жана методдору, субъекттик-субъекттик көмөкчү мамилелердин басымдуулугу |
| 5. Колдонуунун натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана аны баалоо критерийлери | Негизги критерийлер — окуучунун окуп үйрөнүүсү ББКнын калыптануу деңгээли катары; окуучунун таалим-тарбия алуусу социалдык жактан жактырылган ченемдерди жана баалуулуктарды өздөштүрүү катары | Башкы критерий — баланын индивидуалдуулугунун өнүккөндүгү, анын сейрек кездешүүчү белгилеринин көрүнүшү. |

Инсанга багыттап окутуу өңүтүнүн түзүмүн төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

| Инсанга багыттап окутуу өңүтү | | |
|---|---|---|
| **Негизги түшүнүктөр** | **Принциптер (эрежелер)** | **Методдор** |
| Индивидуалдуулук<br>Инсан<br>Өзүн өзү актуалдаштырган инсан<br>Өзүн өзү көрсөтүү<br>Субъект<br>Субъекттүүлүк<br>Мен-концепция<br>Тандоо | Өзүн өзү актуалдаштыруу<br>Индивидуалдуулук<br>Субъекттүүлүк<br>Тандоо<br>Чыгармачылык жана ийгилик<br>Ишеним жана колдоо көрсөтүү | Диалог<br>Оюн<br>Рефлекстик<br>Педагогикалык колдоо<br>Диагностикалык<br>Тандоо жана ийгиликке жетүү кырдаалын түзүү |
| **Педагог Педагогикалык колдоо көрсөтүү, көмөктөшүү** | | |

## Инсанга багыттап окутуу өңүтүн практикалык колдону

Көп жылдардан берки илимий-методикалык тажрыйбаларыма таянуу менен, бул идеяны жүзөгө ашыруу максатында мен окуучуларга билим жана таалим-тарбия берүүнүн инсанга багыттап окутуу өңүтү окуучунун окуу ишмердүүлүгүндөгү өз алдынчалыгын калыптандыруунун негизги каражаты болуп саналат деген бүтүмгө келдим. Ошондуктан инсанга багыттап окутууну жана маалыматтык технологияны интеграциялоо алкагында тарыхый-коом таануучулук билимдер боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүгө көнүктүрүүчү долбоордук технологиянын төмөнкүдөй түрлөрүн колдонууну зарыл деп эсептейм:

- индивидуалдуу (өз алдынча) иш;
- топтук (кызматташтык) иш;
- дифференцирленген (деңгээлдик) иш;
- тандоосу боюнча чыгармачылык иш (долбоордук);
- ийгилик кырдаалын түзүү иши.

Тарыхый-коом таануучулук предметтерди окутуунун долбоордук технологиясынын өнүктүрүүчүлүк таасири окуучунун изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу программасы анын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлүшүнө жараша аныкталат. Ошондуктан изилдөө иштерин жүргүзүү процессинде ыңгайлуу чыгармачылык атмосфера түзүп берүү, окуучунун турмуштук тажрыйбасына көңүл буруу зарыл. Долбоордук ишмердүүлүктүн жүрүшүндөгү иш-аракеттерде мугалим окуучуга бир тараптуу таасир этпестен, кайтарымдуу процесс жүрөт. Ошондуктан мугалим өзү илимий билим өңүтүнөн сунуштап жаткан мазмунду кабыл алууга окуучуларды мажбурлабастан ынандырышы керек. Ошондо гана мугалим эле эмес, окуучу да түшүнө алган илимий мазмун жаралат, пикир алмашуу жүрөт жана анын мазмуну биргелешип тандалып алынат. Натыйжада окуучу ал илимий билимдин жаратманы, аны жаратууга катышуучу болуп калат. Буга мисал катары окуучулардын жана мугалимдердин, окумуштуу педагогдордун 2010-жылдан бери жыл сайын жазгы каникул учурунда (март

айы) өткөрүлүп келе жаткан «Түрк дүйнөсү» долбоорунун алкагындагы Эл аралык илимий-практикалык конференциясын алууга болот.

Бул долбоор боюнча үч жолку Эл аралык илимий-практикалык конференция Кыргызстанда болуп өттү: *«Түрк дүйнөсү: Якутиядан тартып Жер Ортолук деңизине чейин Кыргызстан аркылуу»* деген темада Бишкек шаарындагы Улуттук компьютердик гимназияда (2011-ж.), улуу түрк аалымы Махмуд Кашгаринин (Барсканинин) 1000 жылдыгына карата *«Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл — Аалам ордосу»* деген темада Каракол шаарындагы Ысык-Көл облустук Т. Сатылганов атындагы лицей-интернатта (2015-ж.), улуу түрк аалымы Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына карата *«Түрк дүйнөсү: Кептин көркү — тил, ойдун көркү — сөз»* деген темада Таластагы Кыргыз Улуттук «Манас-Ордо» комплексинде (2015-ж.) өткөрүлдү. Окуучулар жана мугалимдер, окумуштуу педагогдор Казакстандын Алматы шаарындагы № 154-орто мектепте (2010-ж.), *«Түрк дүйнөсү: Түркстан жергесинде»* деген темада (2013-ж.) Түркстан шаарындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинде, *«Түрк дүйнөсү: Хан Алтай»* деген темада (2012-ж.) Россиянын Тоолуу Алтай шаарында өткөрүлгөн конференцияларга катышып келишти. Бул конференциялар окуучулардын түрк тилдүү элдердин тарыхый, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү жолу, жалпы дүйнө элдери менен кызматташуусу тууралуу тарыхый маалыматтарды изилдеп өздөштүрүүлөрүнө жана жан дүйнөсү менен сезип-туюуларына өбөлгө болуу максатында өткөрүлүүдө. Ошондой эле окуу процессинде мугалимдердин инсанга багыттап окутуунун долбоордук технологиясын колдонууларына көмөктөш болуу максатын дагы көздөйт.

Тарыхый-коом таануучулук билим берүү сабагы адаттагыдай эле окуу процессинин негизги элементи бойдон кала берет, а бирок инсанга багыттап окутуу системасында анын иш-милдети, уюштуруу формасы олуттуу түрдө өзгөрүп кетет. Анткени ал билимдердин мазмундук маалыматы берилип эле тим болбостон, окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрү ачыла турган, калыптана турган жана иш жүзүнө ашырыла турган окуу ишмердүүлүгүнүн жагдайы түзүлөт, билимдерди «изилдөө аянтчасына» айланат. Бул — окутуунун изилдөөчүлүк өңүтү. Анын мүнөздүү белгиси — «ачылыш жасоо аркылуу окутуу» идеясын жүзөгө ашыруу. Изилдөө иштерин жүргүзүүгө көнүктүрүүчү долбоордук технологиянын жардамы менен окуучу мурда өзүнө белгисиз болгон көрүнүштөрдү, мыйзамдарды өзү «ачууга», милдеттерди чечүүгө тийиш. Демек, долбоордук изилдөө маданияты — маалыматтык маданияттын бир бөлүгү; инсандын коомдук жана/же маданий маанилүү натыйжаны (макала, реферат, эссе ж.у.с.) алуу максатындагы маалыматтарды изилдеп-иликтөөнүн, аларга талдоо жүргүзүүнүн жана кайра иштеп чыгуунун илимий методдорунун негизинде жүргүзүлгөн чыгармачылык процесс аркылуу калыптанышы.

Тарыхый-коом таануучулук предметтерди окутуучу мугалимдин төмөндөгүдөй бир кыйла маанилүү адистик-педагогикалык ыкмаларын белгилеп көрсөтүүгө болот:

- окуучулардын инсандык өнүгүү деңгээлин (алардын инсандык иш-милдеттеринин калыптануусун) аныктоо;
- өздөштүрүлүп жаткан теманын гумандуулук мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен ар түрдүү масштабдуулуктагы педагогикалык максаттарды коюу;
- сабактын инсанды өнүктүрүүчү милдеттерин эсепке алуу менен окуучулардын окуулук тапшырмаларын жана окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн, сабакты өтүүнүн формаларын өзгөртүү;
- тарыхый-коом таануучулук билимдерди окутуунун ар түрдүү гуманитардык факторлорун колдонуу: окуучулардын өздөштүрүлүп жаткан материалдын негизинде философиялык-көзкараштык корутундуларды түшүнүүлөрүнө түрткү болуу, методологиялык, адептик-эстетикалык мазмундагы педагогикалык жагдайды түзүү, окутуунун дискуссиялык формаларын колдонуу, материалды баяндоодо маданияттуулукту, ажардуулукту, маалыматты толук билүүчүлүктү көрсөтүү, ошону менен бирге тарыхый-коом таануучулук билимдердин, идеялардын, принциптердин ж.б. кадыр-баркын сактоочулукту көрсөтүү.

Окуучунун инсандыгын өнүктүрүүгө *сабактан тышкаркы иштер* олуттуу көмөк көрсөтөт. «Тарых дөңгөлөгү», «Акыл Ордо», «Силер билесиңерби?» «Ким айткан?» «Эмне? Кайда? Качан?» сыяктуу оюн ишмердүүлүктөрү окуучунун материалды өздөштүрүүсүнө, кайталап бышыктоосуна, эстутумун жана элестетүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Инсанга багыттап окутуу үчүн дидактикалык материалды ар бир окуучунун индивидуалдуу кызыкчылыктарына жараша тандап алуу керек. Албетте, мында окуу программасынын материалын өздөштүрүү талаптары эске алынууга тийиш, албетте, ал талаптар бир жактуу болбошу керек. Окуучуга окуу материалы менен иштөөдө индивидуалдуу «ойлоп табуучулукка», «ачылыш жасоого» мүмкүнчүлүк берилиши керек.

Ар бир окуучу менен индивидуалдуу иш алып баруу мугалимге жаңы милдетти жүктөйт. Ал — бир эле учурда баланын индивидуалдуу жаш курактык өсүп жетилүү жана инсандык сапатынын

калыптануу процессинде ар бир окуучуга комплекстүү педагогикалык байкоо жүргүзө билген мугалим дагы, психолог дагы болуу милдети. Инсанга багыттап окутуу өңүтүнүн негизги принциби — бул баланын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана анын индивидуалдуулугун өнүктүрүүгө түрткү болуу.

Жыйынтыгында ошондой түрткү болуучу инсанга багыттап окутуу милдети жүзөгө ашырыла турган сабакты (теманы) долбоорлоонун негизги өзгөчөлүктөрүн тастыктайбыз:

- ар түрдүү типтеги жана формадагы дидактикалык материалдарды даярдоо, аларды сабакта колдонуунун максатын, ордун жана убактысын аныктоо;
- окуучунун иш-аракеттерине байкоо жүргүзүү жана ал өзүн өзү көрсөтө ала тургандай мүмкүнчүлүктөрдү шарттоо;
- окуучунун жигердүүлүгүн жана демилгелүүлүгүн мокотпой, суроо берүүгө мүмкүнчүлүк берүү;
- окуучунун оригиналдуу идеяларына жана жоромолдоруна дем берип кызыктыруу;
- окуучулардын өз ара ой-пикир алмашууларын уюштуруу;
- окуучунун билимдерди өздөштүрүү, жолдошторунун жоопторун толуктоо жана аларга талдоо жүргүзүү (рецензиялоо) боюнча жигердүү иш-аракеттерин стимулдоо;
- ар бир окуучу үчүн ийгиликке жетүүгө умтулуусуна түрткү болуучу (мотивациялык) жагдайды түзүү;
- сабактын жүрүшүндө пайда болуучу оор кырдаалдарды билимдерди пайдалануунун жагдайы катары колдонууга көнүктүрүү;
- окуучу сабактан тажап кетпеши үчүн окутуу ыкмаларын алмаштырып колдонуу.

**Адабияттар:**


1. *Бекбоев И.* Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-бас. – Б.: «Бийиктик», 2011. – 384 б.
2. *Беспалько В.П.* Слагаемые педагогической технологии. – М.: Педагогика 1999. 192 б.
3. *Газман О.С.* Неклассическое воспитание. От авторитарной педагогики к педагогике свободы. − М., 2002.
4. *Гегель Г.В.Ф.* Сочинения. М., 1956. Т. III.
5. *Жук Н.* Личностно-ориентированный урок: технология проведения и оценки// Директор школы. № 2. 2006. – 53–57-б.
6. *Исраилова Р.Н.* Философия: Материалы лекций. – Б., 2005.
7. Личностно-ориентированный подход в педагогической деятельности: опыт разработки и использование / Под ред. Е.Н.Степанова. – М., 2003. – 128 б.
8. *Лукъянова М.И.* Теоретико-методологические основы организации личностно-ориентированного урока // Завуч. № 2. 2006. – 5–21-б.
9. *Мамбетакунов Э., Сияев Т.* Педагогиканын негиздери. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.
10. *Маркс К., Энгельс Ф.* Сочинения. Т. 3.
11. *Мунье Э.* Персонализм. – М.,1992. – 32-б.
12. *Разина Н.А.* Технологические характеристики личностно-ориентированного урока // Завуч. № 3. 2004. – 125–127-б.
13. Русско-кыргызский словарь юридических терминов и иных понятий (ru-kg).
14. *Спиркин А.Г.* Философия: Учебник. 2-е изд. – М., 2006.
15. *Степанов Е.Н.* Развитие индивидуальности ребёнка как предмет воспитательной деятельности // Воспитание школьников. – 2004, № 10, 2–6-б.; 2005, № 1, 2–8-б. (Н.А. Алексеева менен авторлоштукта).
16. *Фрейд З.* Основные психологические теории в психоанализе / пер. М.В. Вульф, А.А.Спектор. – М.: АСТ, 2006. – 400 с.
17. *Фролова Т.В.* Педагогика поддержки: не мираж, а реальная помощь // Директор школы. 2003. № 2. 70–73-б.
18. *Якиманская И.С.* Личностно-ориентированное обучение в современной школе. – М.: Сентябрь, 1999.–96б.